## И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин Педагогика жана психология институтунун тарыхы

Педагогика жана психология институту И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин окуу-илимий-методикалык чоң бир бөлүмү болуп эсептелет.

Педагогика жана психология институту университеттин билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясатын, билим берүүнүн максаттарын, принциптерин жана механизимдерин ишке ашырган жогорку окуу жайдын курамдык түзүмү.

Институттун **максаттары жана милдеттери** – билим берүүнүн талапка жооп берүүчү сапатын камсыз кылууга, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына жана критерийлерине туура келген кесиптик билим берүү программаларын, окуу-методикалык жана илим-изилдөөчүлүк иш аракеттерди, студенттердин, магистранттардын окуудан өз алдынча ишин уюуштурууну, кадрларды даярдоо жана кайра даярдоону, квалификацияны жогорулатууну ишке ашырууга багытталган.

**Окуу-методикалык иштер.** Институт И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин тарыхында – 80 жылдык убакыттан бери башталгыч класстын мугалимдерин жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячыларын, 25 жылдан ашык убакыттан бери атайын мектептер жана мекемелер үчүн адистерди (логопеддерди, сурдопедагогдорду жана олигофренопедагогдорду) даярдап келе жаткан республикалык деңгээлде белгилүү бөлүмү.

Жогорудагы максаттарга ылайык институттун профессордук-окутуучулук курамы:

– студенттерге терең теориялык билим берүү, практикалык билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ кылуу;

– студенттердин таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүн өнүктүрүү;

– билим берүүнүн эфективдүү технологияларын пайдалануу;

– студенттерди өз алдынча иштөөгө үйрөтүү үчүн аларды окуу-изилдөөчүлүк жана илимий-изилдөөчүлүк иштин ар түрдүү формаларына тартуу;

– студенттердин жана магистранттардын иштерине квалификациялык жааттан талапка жооп берерлик жетекчиликти камсыз кылуу;

– окуу процессин окуу-методикалык адабияттар менен камсыз кылуу;

– кадрларды даярдоо сапатын жогорулатуу максатында эң жаңы педагогикалык технологияларды ишке киргизүүгө ар тараптан көмөктөшүүнү камсыздоо;

– группалардын кураторлорунун тарбия иштерин активдештирүү;
– окутуу, окутуунун натыйжаларын пландаштыруу жана анализдөө процесстерине өзгөчө жоопкерчиликтүү мамилени иштеп чыгуу;
– окутуучулардын педагогикалык чеберчиликтерин өркүндөтүү сыяктуу милдеттерди ишке ашыруунун үстүндө эмгектенишүүдө.

**Илимий-изилдөө иштер.** Институтта илимий кадрларды даярдоого, магистранттарга, аспиранттарга, докторанттарга жетекчилик кылууга чоң көңүл бурулат.

13.00.02 – окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы бонча иш алып барып жаткан диссертациялык кеңештерде биздин институттун профессордук-окутуучулук курамынын мүчөлөрү да бар. Алар: 13.00.02. – окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз тили жана адабияты,психология) боюнча диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы ,п.и.к.,профессордун милдетин аткаруучу Д.К. Омурбаева,13.00.02. – окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (математика жана информатика) боюнча диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, п.и.к.,профессордун милдетин аткаруучу Г.К. Казиева.

Институт билим берүү процессинен тышкары мектепке чейинки педагогика, балдар психологиясы, башталгыч билим берүү, атайын психология, клиникалык психология окутуунун формаларын, методдорун координациялоо областтары боюнча тереңдетип изилдөөнү камсыз кылуу багытында иш жүргүзөт. Буга байланыштуу институттун окумуштуулары өздөрүнүн квалификацияларын өркүндөтүү максатында ар түрдүү эл аралык семинарларга, тренингдерге активдүү катышышып, окутуунун интерактивдүү формалары боюнча тренингдерди өткөрүү укугу берилген сертификаттарга ээ.

**Эл аралык байланыштар:** Бир нече жылдан бери педагогика жана психология институту жакынкы жана алыскы чет мамлекеттердин жогорку окуу жайлары менен тыгыз кызматташат, алар: Абай атындагы Казак улуттук педагогикалык университети, Түштүк Казакстан мамлекеттик педагогикалык институту, М.Х. Дулати атындагы Тараз педагогикалык университети, Кытай Эл Республикасынын Гуань шаарындагы Нишан педагогикалык университети ж.б.. Ошондой эле эл аралык уюмдар: “Step ty step” эл аралык ассоциясы, “Балдарды коргогула” фонду (Великобритания), Ачык коом институту (Венгрия), “Ден соолук институту”, Санкт-Петербургдагы И.П. Павлов атындагы физиология илим-изилдөө институтунун «Инклюзиянын биологиялык жана социалдык негиздери» менен кызматташат.

**Институттун материалдык-техникалык базасы.** Педагогика жана психология институту заманбап материалдык-техникалык база менен толук кандуу жабдылган, окуу процесси үчүн күчтүү интернет провайдерге

туташтырылган. Окуу аудиториялар интерактивдүү доска, ошондой эле жөнөкөй окуу доскалары, проекторлор, компьютерлер менен жабдылган. Күчтүү интернет провайдерге тушташтырылган мультимедиалык борбор да терең билим берүүгө чоң шарт түзөт. Педагогика жана психология адистигинде окутулган дисциплиналарды окуу-методикалык жактан толук камсыздаган китепкана, окуу залы, заманбап методикалык кабинеттер, балдар реаблитациялык борбору, инклюзивдик билим берүү боюнча лаборатория, психология лабораториялары бар.

**Ардактуу бүтүрүүчүлөр**. Институт өзүнүн эң жогорку наамдарга ээ болгон ардактуу бүтүрүүчүлөрү Социалисттик Эмгектин баатыры, Ат-Башы районундагы Кызыл-Дыйкан орто мектебинде башталгыч класстардын мугалими болуп эмгектенген Апыш Койчуманов, Кыргыз Республикасынын Эл мугалими, Чүй районундагы Кегети орто мектебинде эмгектенип жаткан Симила Абдырахманова ж.б. менен сыймыктанат.

Ар жыл сайын институттун, университеттин масштабында ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар күнүнө карата университеттик деңгээлде акциясын өткөрүү салтка айланган. Акцияга университеттин ректораты, бардык структуралык бөлүмдөр, ар түрдүү кайрымдуулук фонддору, чет өлкөлүк меймандар, мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын тагдырына кайдыгер карабаган жеке инсандар, массалык-маалымат каражаттары жана атайын мекемелердин жана мектептердин окуучулары катышат. Бул акцияны уюштурууда биринчи колдоо институттун *атайын педагогика жана психокоррекция, б.а.* атайын мектептердин педагогдорун даярдаган кафедранын студенттери практиканын бардык түрүн өтүүгө барган атайын мектептердин окуучуларын, атайын бала бакчалардын балдарын колдоого багытталган.

**Институттун профессордук-окутуучулук курамы.** Институттун профессордук-окутуучулук курамын 97 кызматкер түзөт, анын ичинде 7 илимдин доктору, 44 илимдин кандидаты, 19 магистр бар.

Аталган институтта Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими К.С. Сартбаев, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкерлер Ж.К. Асанова, А. Мураталиева, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер Дж.У. Байсалов, Т.К. Калтаевдар эмгектенишкен. Педагогика илимдеринин доктору, профессор Дж.У. Байсалов институтту бир нече жылдар бою жетектеп, институттун ар тараптуу өнүгүшүнө өз салымын кошкон.

Азыркы күндө да институттун окуу-практикалык жана илимий-методикалык стажы бай тажрыйбалуу профессордук-окутуучулук курамдан

турат, башкача айтканда күчтүү методисттер жана окумуштуулар эмгектенишет. Атын атаса, куту сүйүнөт дегендей, алар:

Жумалиева Ж.М. – психология илимдеринин кандидаты, профессор;

Тилекеев К.М. – Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер п.и.к., профессордун м.а.;

Ардактуу профессорлор Коңурбаева Ж.С., Быковченко Н.С. – п.и.к.

И. Арабаев атындагы КМУнун эмгек сиңирген ишмерлери Орусбаева Т.А., п.и.к., доцент, Сакимбаева С.Д., п.и.к., доцент, Райымбекова М. – п.и.к.. доцент, Э.Т. Токсонбаева, Р.Т. Сатылганова.

Педагогика илимдеринин докторлору Ө.А. Сманбаев, Б.С. Чокошева, В.И. Мусаева, А.Т. Калдыбаева, Т.В. Панкова, А.Ж. Муратов, К.К. Акматов, А.Р. Акунова.

Психология илимдеринин кандидаттары Качикеев Т., Кожогелидиева К.М., А.С. Кожогелдиев. Медицина илимдеринин кандидаты, доценттер Н.Д. Кишикова.

Педагогика илимдеринин кандидаттары Н.К. Түнгатарова, Э.К. Омуралиева, Д.К. Омурбаева, М.Р. Нуркулова, М.М. Эсенгулова, С.Н. Пак, Г.К. Казиева, Касмалиева Г.С., Т.А. Ашымбаева, А.М. Муратова, Э. Сейталиева, М.К. Узакова, М.А. Куканова, Д.Ш. Мырзадаирова, Е.Ш. Нусубалиева, З.Б. Жапарова, Н.К. Сегизбаева, Ж.А. Бузурманкулова, С.А. Иманкулова, Н.Э. Абдраева, К.Б. Арыпбекова, Оңолбаев М.Б., Ажымамбетова

Ага окутуучулар жана окутуучулар Мурзаев Т.Т., Конушбаева А., М. Каласалиева, С.Б. Жумагулова, Садыкова В.Э., Атантаева Ж., Муратбекова Ж.М., Турдиева Г.,Жоомарт кызы Айзада, Бегимкулова М. И., улук лаборант Канатбекова Н.К., Проценко Л. С., Кызылжаров А.У., Камчыбек уулу Эрнест, О.И. Кравченко, К. Кожобекова, С. Шамузова, А.С. Абибова.

Магистрлер: Б.У. Асаналиева, Аманканова А. Х., Э.Б. Тентиева, Хлудеева И. А.

Азыркы учурда институт “Педагогика” багытындагы бакалаврларды даярдайт.

*Профилдер:*

- 550700 башталгыч билим берүү;
- 550700 мектепке чейинки билим берүү;
- 550700 мектепке чейинки билим берүү, башталгыч билим берүү;
- 550700 олигофренопедагогика;
- 550700 сурдопедагогика;
- 550700 логопедия;
- 550700 логопедия, мектепке чейинки билим берүү;
- 550700 логопедия, башталгыч билим берүү;

*Окутуунун формасы жана мөөнөтү:*

- күндүзгү (бюджет, контракт) 4 жыл;
- дистанттык (контракт) 5 жыл;

*“Педагогика” багыты боюнча окутуунун дистанттык формасы профилдер:*

- 550700 башталгыч билим берүү;
- 550700 мектепке чейинки билим берүү;
- 550700 логопедия;

Билим алуучулардын контингентин күндүзгү, дистанттык окутуу формаларында окуган студенттер жана магистранттар түзөт. Азыркы күндө **2855 студент** жана магистрант бар, алардын ичинен:

- Бюджет боюнча – 196
- Күндүзгү контрактык негизде – 612
- Дистанттык форма боюнча – 1486
- Магистранттар – 561

**Магистратура.** Магистратура педагогикалык билим берүү тармактарына адистештирилген кадрларды даярдоо максатында түзүлгөн институттун структуралык бир бөлүмү болуп саналат. Магистратура 2003-жылы п.и.д., проф.Дж.У. Байсаловдун жетекчилиги астында ачылган.

550700 “Педагогика”, “Педагогика багытынын магистри” багытындагы магистрлерди даярдоо мөөнөтү: күндүзгү окуу формасында 2 жыл, сырттан окуу формасында 2,5 жыл.

550700 “Педагогика” багытындагы адистерди даярдоодогу ***негизги максат:*** терендетилген адистик билим берүү (магистрдик деңгээлде); тандалган ишмердүүлүгүндө ийгиликтүү иштөөгө мүмкүндүк берген, предметтик-адистештирилген жана универсалдуу компетенцияларга ээ болгон, социалдык мобилдүүлүккө жөндөмдүү, эмгек рыногуна туруштук бере алган адистерди чыгаруу.

Профилдик даярдоодогу инсанды тарбиялоо аймагынын максаты: социалдык-инсандык жоопкерчилик, атуулдук, коммуникативдүүлүк, толеранттуулук, жалпы маданиятын көтөрүү сапаттарын калыптандыруу болуп эсептелинет.

Мамлекеттик стандарттар боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү төмөнкүлөр: педагогикалык, илимий-изилдөөгүлүк, башкаруу, долборлоо.

*Магистратуранын ишмердүүлүгүнүн негизги милдеттерине төмөнкүлөр кирет:*

- “Педагогика магистри” академиялык даражасына ээ болуу багытындагы адистерди даярдоонун системасын өркүндөтүү;
- окутуунун жаңы, натыйжалуу технологияларын киргизүү;

– адистерди даярдоого тажрыйбалуу кесипкөйлөрдү жана чет өлкөлүк эксперттерди тартуу;

– алыскы, жакынкы КМШ өлкөлөрүнүн, белгилүү ЖОЖдордун илимий борборлору, эл аралык долбоору менен кызматташтыкты кеңейтүү жана орнотуу;

– ПИнин материалдык-техникалык базасын бекемдөө жана жакшыртуу;

– адистерди даярдоо багытын кеңейтүү;

– илимий педагогикалык кадрларды кайра даярдоо жана адистикти өркүндөтүүнү уюштуруу.

Профессордук-окутуучулар курамы жакынкы, алыскы өлкөлөрдөн (Голландия, Турция, Германия, Тажикстан, Казакстан, Россия) стажировка, курстардан өтүшүп, өздөрүнүн адистик деңгээлин өркүндөтүү үстүндө үзгүлтүксүз иш алып барышат.

Илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо магистранттар тарабынан да, окутуучулар тарабынан да көп күчтү, багыттуу билим берүүнү талап кылуучу зор эмгек.

Сабактардын натыйжалуулугун арттыруучу жана кызыктуу өткөрүүгө шарт түзүүчү компьютердик билим берүү программалары, электрондук окуу китептери, аудио жана видио фильмдер магистранттардын өз алдынча иштөөсүнө жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

Магистратура бөлүмү иштегенден бери бардык адистиктер боюнча 1000ден ашык магистранттар даярдалды. Республикабыздын атуулдарынан тышкары Казакстан, Туркия, Кытай, Египет, Бириккен Араб Эмираты сыяктуу жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн атуулдары да билим алышат.

**Маданий-массалык жана спорттук иш-чаралар.**

Институттун студенттери жана магистранттары жөндөмдүүлүктөрүн студенттик иш чараларда: ШТБда, фестивалдарда, илимий-изилдөө иштеринде, спорттук мелдештерде көрсөтө алышат, моделдик мекемелерден инновациялык технологияларды алып келүү, чет мамлекеттерде практикадан өтүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ.

Каалоочулар жатакана менен камсыз болушат.

Окуу процессин натыйжалуу камсыз кылуу максатында институттун профессор-окутуучулук курамы тарабынан окуу-методикалык комплекстер (окуу китептери,окуу-методикалык колдонмолор,типтуу программалар,ж.б. окуу каражаттары иштелип чыккан,иштелип чыгууда.

Педагогика жана психология институтунда ***курамында 6 кафедра бар***:

1. Мектепке чейинки билим берүүнүн технологиясы кафедрасы.
2. Башталгыч мектепте кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасы.

3. Табигый математикалык билимдер жана аларды башталгыч мектептерде окутуунун технологиясы кафедрасы.
4. Атайын педагогика жана психокоррекция кафедрасы.
5. Педагогика кафедрасы.
6. Психология кафедрасы.

Жыйынтыктап айтканда педагогика жана психология институту жаш муундарга билим берүү ишине чоң салым кошкон, өздөрүнүн билимин, тажрыйбасын, сүйүүсүн жана өз өмүрүнүн көптөгөн жылдарын келечек муундарга арнаган такшалган педагог-илимпоздор түзгөн бай, уникалдуу тарыхка ээ.